# АДАБИЙ ТИЛИБИЗДЕ ТЫБЫШТАРДЫН АЙТЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ДИФТОНГУЛАР МЕНЕН СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨРДҮН АЙТЫЛЫШЫНДА АЙЫРМАСЫ


**АСКАРОВА АЙЖАН**

*Ж.Баласагын ат.КУУ*

*Кыргыз тили илими кафедрасынын магистранты*


Академик Б.М.Юнусалиев 60 жыл мурда 1950-жылдарда Агартуу министри болуп турганда Кыргызстандын мектептеринде сабак берүүнүн жалпы денгээлине, кыргыз адабий тилинин колдонулушуна айрыкча көнүл буруу зарыл экенин эскерте кыргыз улутуна кайрылып: **«Кыргыз коомунун ар бир мүчөсү өткөндөгү калдык диалектилик же говордук тилде сүйлөбөй, советтик доордо түзүлгөн адабий тилде сүйлөшү керек. Кыргыз интеллигенциясы алагн билимдерин, өнөрлөрүн, адистигин калын элге адабий тил аркылуу бермекчи. Ошол тил аркылуу маданияттуу куруучулар тарбияланмакчы»** (Б.М.Юнусалиев. <u>Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери.</u> Тандалган эмгектер, Фрунзе, 1985, 327-329-бети).

Андан ары адабий тилде сүйлөбөй, диалектилик тилде сүйлөө жөнүндөтөмөнкүдөй баа берет: **«Азыркы шартта адабий тилди колдонбой, өзүнүн диалектисинде сүйлөө- артта калгандыктын белгиси. Ошондуктан биздин коомчулугубуз адабий тилде сүйлөөнү талап кылышы керек. Бул жагынан артта калган адамдар басма сөздө, сахналарда, радио-теле берүүлөрдө сынга алынып турушу зарыл»** (Б.М.Юнусалиев. <u>Адабий тилибиздин диалектилик базасы жөнүндө</u>. Тандалган эмгектер, Фрунзе,1985, 352-бет).

1940-жылы кыргыз алфавити орус алфавитинин негизинде түзүлгөндө адабий тилибизге 36 тамга, 39 тыбыш кабыл алынган. Тыбыштардын он алтысы үндүү, жыйырма беши үнсүз. Алардын бөлүнүшүн так билүүгө, туура сүйлөөгө ар бир кыргыз атуулу милдеттүү. Келечекте адис филолог болуучу ар бир окуучу жана студент адабий тилибиздеги ар бир тыбыштын тыбыштык органдар (тилдин, эриндин, жаактын) катышын жана алардын жардамы менен жасалыш ордун так аныктап билип, өздөштүрүү максатында көнүгүүлөрдү иштөө, машыгуу адис филолог (тил жана адабият мугалим) ар бир тыбышты туура, так айтууга, катасыз, сабаттуу жазуугакам көрүү - коом алдында- жоопкерчилиги, ар-намысы, абийири. (А.Биялиев. Кыргыз адабий тилинин лексика жана лексикология бөлүмүнө арналып окулган лекциялардын конспектилери, Бишкек, 2014, 102-104-беттер.)

Кыргыз адабий тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар. Анын он төрт тыбышы үндүү. <u>«Адабий тилибизде 25 тыбыш **б, в, г, *г*, д, ж, дж, з, й, к, к, л, м, н, н, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, ү**22 тамга менен белгиленип жүрөт»</u> - деген Б.М.Юнусалиев (Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971, 119-бети).

Орус тилинен жана ал аркылуу оошкон интернационалдык сөздөрдү катасыз, сабаттуу жазуу жана так, таза (акценти жок) сүйлөө үчүн беш тыбыш, беш тамга **в, дж, ф, ц, ү** 1940-жылы кабыл алынган эле.

Адабий тилибиздеги үндүү жана үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү жөнүндө ар биринин аныктамасын билүү зарыл.

«Сөздөрдү айтканда, кулакка угулган айрым-айрым үн<u>тыбыш</u>» - деп аталат. «Тыбыштарды белгилөө үчүн алынган шарттуу белги <u>тамга</u>» - деп аталат.(Акматов Т.К.,Өмүралиева С. Кыргыз тили. Фонетика,Лексика. Фрунзе, 1990, 32-бетин караныз).

<u>Үндүү тыбыштар</u>- өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы ооз көндөйүнүн түбүндө эч бир тоскоолдукка учурабай жалан үн катышынан пайда болгон тыбыштар. Сегизи кыска үндүү: **а, э, о, ө, у, ү, и, ы** жана алтоо созулма: **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** бар.

<u>Жоон үндүү</u> -өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы тилдин түп жагында тоскоолдукка учурап, үн кысылып бийик чыккан үчүн жоон үндүү деп аталып калган: **а, о, у, ы** тыбыштарынын жогорудай абалда айтылышын сынап, байкап айтып көрүп

машыккыла.

Ичке үндүү-өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы: бул тыбыштарды айтканда тил алга жүткүнүп кеткенде, үн кысылбай бас чыккан үчүн ичке үндүү деп аталган: **э, ө, ү, и.** буларды да айтылыш өзгөчөлүгүн сынап көрүп эсинерге бекем сактагыла.

Үнсүз тыбыштар-өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы тыбыш жасоочу мүчөлөрдүн биринде тоскоолдукка учурап тыбыш менен үн аралаш катышынан жасалган тыбыштар. Адабий тилибизде 25 үнсүз тыбыш бар. ***П***тыбышын айтканда кош эрин тийишкенде абанын агымы тоскоолдуккаучурап шыбыш жана үн чыгат. ***М***тыбышын айтканда абанын агымы мурун көндөйүндө тоскоолдукка кабылганда үн аралашкан тыбыш чыгат.

Үндүү тыбышты айтканда жалан үн катышат. Үнсүз тыбышты айтканда үн жана үн аралашкан шыбыш экөө тен катышканын эсте бекем сактайлы.

**Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү:**

Сонор же уян үнсүз тыбыштар-6: **й, л, м, н, н, р.** Уян үнсүздөрдү айтканда үн жана үн аралашкан шыбыш экөө тен катыша берет.

Ошон үчүн уян үнсүз катышкан сөздөрдөн кийин жумшак, каткалан үнсүз экөө тен колдонулат.

Мисалы: й дан кийин: жайга-жайка, байга-байка, айгыр-айкыр.

л дан кийин: алды-алты, калган-калкан, калдыр-калтыр.

м дан кийин: тамдык-тамтык.

н дан кийин: жандык-жактык, тандык-тантык, киндик-кынтык.

н дан кийин: анга-анка, мөнгү-мөнкү, сонгу-сонку.

р дан кийин: жарды-жарты, арга-арка, сырга-сырка ж.б.

Үн менен тыбыштын катышына карата үнсүздөр экиге бөлүнөт. Жумшак үнсүздөрдө үн көбүрөөк, шыбыш азыраак катышат. Төл сөздөрдө жумшак үнсүздөрдөн кийин жумшак үнсүздөр келе берет. Мисалы: **сөз+дөр, сөз+гө, кыз+га, кыз+дар.**

Ал эми каткалан үнсүздөрдө үнгө караганда шыбыш көбүрөөк, басымдуу катышат. Төл сөздөрдө каткалан үнсүздөрдөн кийин каткалан үнсүздөр келе берет. Мисалы:**шкаф+тар, кап+тар, карак+чы, керек+сиз, ат+тар, ат+туу, чач+туу, кас+тык, чач+сыз.**

Жумшак үнсүздөр-8: **б, в, г,*г*,д, з, ж, дж**

Каткалан үнсүздөр-11: **п, ф, к, к, т, с, ч,ш,х, ц, ү**

Жумшак жана каткалан үнсүздөр түгөйлүү болгон үчүн 8 жумшак үнсүздүн алдында 8 каткалан үнсүз берилгенин эске сактагыла. Үчөөнүн **х, ц, ү** нын түгөйү жок.

Төл сөздөрдө жумшак үнсүздөн кийин жумшак үнсүздөр, каткалан үнсүздөн кийин каткалан үнсүздөрдүн келе беришинде сингармонизм мыйзамынын үстөмдүк кылган шартында пайда болгон.

Төл сөздөрүбүздүн башкы жана кийинки муундарында жана ага уланган ар түрдүү мүчөлөрүндө үндүүлөрдүн бир өнчөй жоон же ичке, эринчил же эринсиз жана үнсүз тыбыштардын бир кылка жумшак же каткалан түрүндө ынгайлашып ырааттуу келе беришин сингармонизм (үндөштүк) мыйзамы дейбиз. (А.Биялиев.Кыргыз адабий тилинин лексика жана лексикология бөлөмүнө арналган лекциялардын конспектилери, Бишкек, 2014, 103-бети).

Фонема (гректин «фонема» -тыбыш) сөздүн мааниси менен формасын айырмалоочу, эн кичине, андан ары бөлүнбөй турган тилдин бирдиги. Ар бир фонема сөздөгү ордуна, жанаша келген тыбыштардын таасирине ж.б.у.с. өзгөрүп, түрдүүчө айтыла берет. Фонема сөздүн маанисине байланышта каралып Л.В.Үерба өнүктүрүп негиздеген эле.

**«Созулма үндүүлөр кыска үндүүгө караганда 1,9-2,2 эсе артык үн узундугу менен айтылат»** (Акматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, Лексика, Фрунзе, 1978, 30-бет).

Мисалы кыска үндүүлөр **а, э, о, ө, у, ү.** Алардын созулуп айтылышынан кийин пайда болгон: **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** тыбыштарынын аллафондору бар.

**Фонемалар сөздөрдө колдонулган ордуна жараша башка бир тыбыштардын таасири менен өзгөчөлөнүп айтылыш варианттары алласфон деп аталат.** (Дыйканов К. Кыргыз тилинин көрсөтмө куралдары. Алматы, 1990,№ 100 таблицаны караныз).

**Дифтонгулардын созулма үндүүлөргө айланышы жөнүндө.**

Академик В.В.Радлов созулма үндүүлөрдүн өнүгүшүн тыбыштык тизмектердин өзгөрүшүнөн пайда болгон деген алгачкы оюн айткан. В.В.Радловдун оюн өнүктүрүп, академик Б.М.Юнусалиев эки тыбыштык тизмекке ажыраткан.Биринчиси – үч тыбыштык тизмек (V+C+V) тибиндеги, экинчиси -V+C. Латын сөздөрүнүн башкы тамгаларынан алынган V-вокализм, С-консонантизм. Аталган тизмектерде V-үндүү тыбышты, С-үнсүз тыбышты билгизет.Үч тыбштык тизмектерге караганда эки тыбыштык тизмектердин созулмага айланышы тарыхый жактан алганда алда канча кийин өнүккөнүн Б.М.Юнусалиев аныктаган.Эки тыбыштык тизмектерден турган унгу сөздөрдө жана ага уланган мүчөлөрдө түндүк диалектисинин он канаттагы кыргыз урууларынын тилдеринде созулмага айланган түрүндө учурайт. Ал эми сол канаттагы кыргыз урууларында (Таласта, Ичкиликтерде) унгу сөздөрдө да дифтонгу түрүндө айтылып келатканын кыргыз диалектилерин изилдеген диалектологдор аныкташканын эске алалы.

Эки тыбыштык тизмектен куралган сөздөрдү ажыратканда анын алдындагы эринчил о, ө, у, ү тыбыштары жана андан кийинки эринчил дифтонгу W тыбышы үндүү да, үнсүз да эмес, ал экөөнүн ортосунда, арабөк абалда айтылышы аныкталат. Диалектологиялык адабияттарда дифтонгу **давлю** тамгасы менен белгилениши кабыл алынган. Кээде **в** тамгасы менен белгиленет.

Мисалы: то**w**, су**w**, күйө**w** деген сөздөрдө жана унгу сөзгө уланган мүчөлөрүдө да: то**w**лу**w** (тоолуу), су**w**лу**w** (суулуу), кү**w**лү**w** (кү**w**лү**w** чал), күйө**w**лү**w** (күйөөлүү) ж.б.у.с.

Азыркы кезде то**w**-тоо, су**w**-суу, кү**w**-күү, күйөw-күйөө деген варианттарынын эн алгачкы праформасы: таг, суг, күг, күдагы (түрүндө колдонулган «эринчил дифтонгу w тыбышы») айтылышы боюнча үндүүгө толук өтө элек үндүү менен үнсүздүн ортосунда арабөк тыбыш. Эринчил дифтонгу айтылышында өзгөчөлүк байкалат. Аны айтканда эки (кош) эрин катуу жыйрылып жана чормоюп, бири-бирине тийишкенде кекиртектен чыккан аба (үн аралаш шыбыш) кескин кыскарып калат. Ал эми суу, тоо, куу, күйөө дегенде кош эрин анчалык жыйрылбай же чормойбой жалан үн бири-бирине тийишпегендиктен биротоло аягына чыгат. Ал эми дифтонгуну айтканда эки эрин бири-бирине тийишкенде үн жана шыбыш кескин кыскарып айтылыш айырмасы (өзгөчөлүгүн) байкап көргүлө. Мындай абалда айтылыш айырмасын тил мугалими (адис) окуучуларга үйрөтүп, аларды баамдап сезүүгө аракет кылышы зарыл. Аны аткаруу адис филологдун элдин алдындагы милдети, жоопкерчилиги. Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе, 1971,105-бети. Анын азыркы учурда сакталып калган тилдик фактыларын профессор А.Биялиев. Кыргыз диалектологиясы. Бишкек, 2014, 40-бетинде; Таласта Күмүштаг, Ноокатта Музтаг, Ошто Сулаймандын тагы жана Кетмен-Төбөдө: Тер-Жайлак деген топонимдерин келтирген.

**Эки тыбыштык тизмектердин эн алгачкы проформасында**

Терен түпчүл **г** же *ғ*тыбышы түзөрүн Б.М.Юнусалиев аныктаган. Терен түпчүл **г** же *ғ* тыбышы бири-бири жумшарып эрин-эринчил чормогой **w** тыбышына айланып, андан сол канаттагы кыргыз урууларында (Талас, Түштүк чыгыштагы: Ала-Бука, Чаткал аймактарында жана Түштүк-батыш аймагында жашаган ичкилик урууларында)дифтонгу түрүндө айтылат. Дифтонгу катышкан сөздөрдү айтканда кекиртектен чыгып келаткан аба үстүнкү жана астынкы эриндер өтө жыйрылган жана чормойгон абалында тоскоолдукка учурап, аба кескин кыскарып калган абалын байкасак үн менен шыбыш аралашып чыгарын сезебиз. Ушундай айтылыш өзгөчөлүгүнө карата аны атайын изилдеген окумуштуу диалектологдор арасында ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Анын айрымдарын келтире кетели. Академик Б.М.Юнусалиев дифтонгунун эринчил үндүү менен дайыма бирге айтылган ажырагыс элементи-эрин-эринчил **w**тыбышын чала үндүү деп, арабөк айтылганын белгилеген (Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971, 107-бети).

Академик К.К.Юдахин дифтонгуну толук үндүүгө айлана элек, үндүү менен үнсүздүн ортосунда айтылган тыбыш экенин, үндүүгө караганда үнсүздүн белгиси көбүрөөк экенин эскерткен. Андай белги таандык жана жөндөмө мүчөлөр жалганганда гана даана сезилет деген. Үнсүз менен бүткөн сөзгө – **ы**, үндүү менен аяктаган сөзгө – **сы** мүчөсү уланат. Дифтонгу тоw+у (тоосу), күw+ү (күүсү), күйөw+ү (күйөөсү), суw+у (суусу) ж.б.у.с. салыштырып караганда байкалат деп жазган (Анын итоги и задачи изучения киргизских диалектов.Труды ИЯЛИКир.ФАН СССР вып 2, 1948).

Диалектолог Э.Абдулдаев дифтонгуну жарым үндүү деп атоо туура, дифтонгунун экинчи элементин толук үндүү деп кароого болбойт. Дифтонгуну айтканда эринчил үндүүлөрдү айтканга караганда үн кысылып, тез кыскарып каларын белгилеген (Абдулдаев Э. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясынын очерки.Фрунзе,1959, 53-бет).

Дифтонгу катышкан сөз менен созулма үндүү катышкан сөздүн айтылышында айырма бар. Созулма үндүү катышкан сөздү айтканда эки (кош) эрин анчалык жыйрылбай жана чормойбой чыккан үн (тагыраак айтканда үн аралаш чыккан шыбыш) кыскарбай биротоло бүткөнгө чейин бир калыпта аягына чыгат.

Ошентип, ал экөөнүн айтылышында айырмалуу эн негизги белгиси- үндүүдө жалан үн, дифтонгуда- үн аралашкан шыбыш катышат. Мындай айырма бар экенин кыргыз тилинин диалектологиялык атласына бүткүл кыргыз аймагынан материал жыйноо учурунда диалектологдор Кенеш Бекназар, Турусбек Токтоналиев, Абак Биялиев дифтонгу колдонулган кыргыз аймактарын аныктап, тактап, текшерип байкоо жүргүзүлгөнүн кошумчалаган (А.Биялиев. Кыргыз диалектологиясы. Бишкек, 2004, 2014, 43-бети). Жогоруда атайылап байкоо жүргүзүлгөндө созулма үндүү менен дифтонгунун айтылышында айырма бар. Созулма үндүнү айтканда жалан үн катышса, дифтонгуда - үн аралашкан шыбыш катышат. Айтылышында айырма бар экенине карата бири-созулма үндүү, экинчиси-дифтонгу деп эки башка аталышын эске алалы. Азыркыкезде үч түрдүү вариантта айтылышы: сак-соw-соо, элик-элүw-элүү; кичик-кичүw-кичүү, таг-тоw-тоо; сарыг-саруw-саруу, улук-улуw-улуу ж.б. сакталып калган.

Дифтонгунун пайда болушуна чейинки эн алгачкы сөздүн вариантында терен түпчүл**г** же **к** тыбышы. Мисалы, так (тоо), сак (соо), элиг (элүү), кичик (кичүү), сарык (саруу), тарыг (таруу) ж.б.у.с. праформасы кыргыз жана түрк тобундагы көптөгөн тилдерде сакталып калган фактыларын Б.М.Юнусалиев келтирген. Сакталып калган калдыктары <u>кичик, тарых, сарык</u> жана эринчил <u>суг</u> (сугар, сугат түрүндө), туг (тубар мал), ток (токту –эки жаштагы ургаачы кой) ж.б. биринчи баскычына күбө боло алат.

<u>Экинчи баскычын</u> к, г тыбыштарынын эринчил чормогой w тыбышына өтүшү жана анын таасири менен эринсиз жана эринчил үндүүлөрдүн эриндешүүсүнөн - оw,-өw, -уw, -үw (тоw, күйөw, суw, күw) ж.б. өнүгүшү. Ал ошо боюнча сол канаттагы кыргыз урууларында (Талас, Жаны-Жол, Ала-Бука, Караван аймактарында) жана бүткүл ичкилик кыргыздарында тараган негизги диалектологиялык белги катарында таралары аныкталган <u>(Э.Абдулдаев. Кыргыз говорлорунда дифтонгулар жана алардын колдонулушу. Кыргыз тилинин грамматикасынын, лексикасынын очерктери, Фрунзе,1965, 42-бети).</u>

<u>Үчүнчү баскычы</u> оw, өw, уw, үw түрүндөгү дифтонгунун андан ары өнүгүшүндөөзүнөн кийин келген дифтонгуга (үн аралаш тыбыш менен айтылган эринчил w тыбышы ( аралык формага ) таасир этип, дифтонгуну биротоло эринчил созулмага өткөрүп жиберген б.а. үндүүгө толук айлана элек аралык форма-дифтонгу созулмага айланган. Ага аны жалан үн менен айтылышы далил боло алат деген жыйынтыкка келебиз.

Ошентип, бир эле кубулуштун үч түрдүү формасы (аны үч баскычы деп атадык)жолуктурабыз. Эн оболу таг, сак, элик, сарык, кичик, улук ж.б. түрүндөгү тыбыштык тизмектер колдонулган. Анын өнүгүшүнүн натыйжасында дифтонгулар пайда болгон.«Анын дагы өнүгүшүнүн натыйжасында эринчил созулмалар пайда болгон, тарыхый жактан алганда аралык форма түрүндөгү эринчил дифтонгуларга караганда эринчил созулмалардын колдонулушун илимий жагынан абдан туура деп түшүнүшүбүз

керек» - деп жыйынтыктаган Б.М.Юнусалиев.

Тарыхый маалыматтарга таянсак, эринчил сөздөр кийин пайда болгондугу аныкталган. Ал байыркы түрк жазма (VI-VIII) кылымга таандык Орхон-Енисей эстеликтеринде жана XI кылымга таандык Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө учуратылбайт. Мындай абалды эске алып, Б.М.Юнусалиев «Кийинки созулмалар кыргыз тилинде IX- XI кылымдан кийин пайда болгон»- дейт (Кыргыз диалектологиыся, Фрунзе, 1971, 108-бети).

Үч тыбыштык тизмектен турган сөздөрдүн ортосунда г, й, н тыбыштары түшүп калып, эки үндүү катар келишинен созулма үндүүлөр пайда болгон. Мисалы: мага (маа), сага (саа), ага (аа), кагылга (каалга), жаак (жанак), жоон (жубан), көө (көйө), көөн (көнүл), сөөк (сүнэк), төө (түйө), ээ (эге), бээ (бийе), жээн (жийен) ж.б. азыркы кезде кыргыз диалектилеринде созулмага айланышы эчак эле аяктаган жана фонема катарында колдонулат. Алардын кээ бир сакталып калган фактылары кезигет.

Ал эми эки тыбыштык тизмектердин созулмага айланышы түндүк кыргыздарынын тилинде эбак эле аяктаган. Сол канаттагы урууларда Талас, Чаткал, Ала-Бука, Жаны-Жол кыргыздарында жана ичкиликтерде азыр да колдонулат.

Аталган орчундуу маселелерди аныктоодо жана алардын тилдик фактыларын далилдөөдө кыргыз диалектологдордун эмгектеринде айтылган ойлорду жана корутундуларды пайдаландык.

**Адабияттар:**


1. Э.Абдулдаев, Ж.Мукамбаев. Кыргыз диалектологиясынын очерки, Фрунзе, 1959.
2. Э.Абдулдаев. Кыргыз говорлорундагы дифтонгулар жана алардын колдонулушу.Кыргыз тилинин грамматикасынын, лексикасынын очерктери,1965, 42-бет.
3. Ж.Мукамбаев.Кыргыз тилинин диалектикалык сөздүгү, Фрунзе,1972.
4. Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971.
5. Б.М.Юнусалиев . Тандалган эмгектер,Фрунзе,1985.
6. К.К.Юдахин. Кыргызча-орусча сөздүк, М, 1965.
7. К.К.Юдахин. Из Ляйлякских материалов.Труды ИЯЛИ Кир.ФАН СССР, вып.2 , 1948.
8. К.К.Юдахин. Итоги и задачи изучения киргизских диалектов. Труды ИЯЛ АН Кирг.ССР, вып 6, 1956.
9. А.Биялиев. Кыргыз диалектология.Окуу китеби,Фрунзе,2004,2014
10. А.Биялиев. Кыргыз адабий тилинин лексика, лексикология бөлүмүнө арналып окулган лекциялардын конспектилери,Бишкек,2014,102-104-беттери.